«Балакай» балдар фонду

А. Казиев





# Табышмактар







Сулуу куйрук жалы бар,
Сүтү абдан дары мал.
Эр жигиттин канаты,
Эмне деген жаныбар?

(жылкы)



Сыр найзадай мүйзү бар,
Самсаалаган жүнү бар.
Салкын тоону мекендеп,
Саан саадырган кайсы мал?

(топоз)



Күчү жетпейт алышкан,
Көрсө баары качышкан.
Айбанаттын паашасы,
Анын аты а....н. (арстан)



Аска-тоону мекендеп,
Адам көрсө элендеп.
Аскаларга чыгышат,
Алпинистей чебердеп. (тоо теке)



Узун экен кулагы,
Узун арткы шыйрагы.
Абдан коркок жаныбар,
Айткылачы бул кайсы?

(коён)



Күндүз кечке укташат,
Караңгыда жем уулап.
Кара коңуз терип жейт,
Кашка баштуу к.....к.

(кашкулак)



Абдан бийик бою бар,
Айры өркөч жону бар.
Ачка чыдайт кырк күнү,
Айткылачы кайсы мал?

(төө)



Эңеле жоош момун мал,
Эң пайдалуу сонун мал.
Аяз суукта үшүбөйт,
Абдан жылуу тону бар.

(кой)



Сүтүн берет чакалап,
Сүзмө каймак жасалат.
Анан дагы биз жеген,
Абдан ширин бал муздак. (уй)



Караан көрсө абалап,
Күнү түн, короо кайтарат.
Байкабасан, балакай,
Балтырыңдан каап алат. (ит)



Күчтүү дагы шамдагай,
Күркүрөсө сүрүн ай.
Карышкыр да, аюу да
Коркот андан аябай. (илбирс)



Абдан көрктүү жаныбар,
Айры, айры мүйзү бар.
Алар жашайт жапайы,
Атын билсең айта сал. (бугу)



Тоодо экен үңкүрү,
Топ жырткычтын күчтүүсү.
Тышка чыкпай кышында,
Уктап жатат күн-түнү.

(аюу)



Кулун сымал жалы бар,
Куйругунда агы бар,
Кумдуу чөлдө жашаган,
Куюндаган жаныбар.

(сайгак)



Мүйүздөрү чыгырык,
Чуркайт экен эң күлүк.
Ээн тоолорду мекендейт,
Эмне деген бул кийик?

(кулжа)



Татынакай карачы,
Кайда кеткен апасы?
Калган окшойт адашып,
Бул эмненин баласы?

(чаарчык)



Коркунучтуу түрү бар,
Коркулдаган үнү бар.
Түртүп жерди айдаган,
Тумшугунда мүйзү бар.

(каман)



Аңчы тоого барыптыр,
Аңга капкан салыптыр.
Түндө жортуп баратып,
Түшүп калды к.....р.

(карышкыр)



Тырмактары абдан курч,
Тызылдатып чычкан кууйт.
Тамактанып бүткөн соң,
Тойуп алып, бетин жууйт.

(мышык)



Адамга үйүр жашаган,
Тыбыт кылдуу чапанчан.
Төбөсүндө мүйүзү бар,
Бул кайсы мал сакалчан.

(эчки)



Узун кулак жаныбар,
Сүтү арам күчү адал.
Унаа кылып минебиз,
Ушул кайсы жаныбар?

(эшек)



Узун экен куйругу,
Учтуу экен тумшугу.
Эң айлакер жаныбар,
Эмне дейбиз биз муну?

(түлкү)



Кызыл тазыл түрү көп,
Канаты бар үлбүрөк.
Уча качат карматпай,
Ушул экен к....к.

(көпөлөк)



Гүлдүн жыйнап ширесин,
Тынбай учуп жүрөт ким?
Сен тийишсең аларга,
Сайып алат ийнесин.

(аары)



Чапан кийген ийнеден,
Чыр чатакты билбеген.
Жыйса боюн топ окшоп,
Жырткычтар да тийбеген.

(кирпи)



Жашайт булар уюкта,
Жалкоолонбойт жумушка.
Муунак - мунак бою бар,
Мунун аты к.....а

(кумурска)



Таштан салган үйү бар,
Төбөсүндө мүйзү бар.
Үйүн жүрөт көтөрүп,
Ушул кайсы жаныбар?

(үлүл)



Териси бар кубулган,
Курт кумурска сугунган.
Кес кес десен куйругун,
Кесип качып кутулган.

(кескелдирик)



Жаралыптыр буту жок,
Жылып жүрөт боортоктоп.
Жакындабай жанына,
Жан жаныбар бүт коркот.

(жылан)



Сазда жүрөт секирип,
Чымын чиркей жем илип.
Кулалыны көргөндө,
Кулайт сууга бекинип.

(бака)



Кулагы сак угаанак,
Кекиртеги сугалак.
Ала-була чапанчан,
Анын атын ким табат?

(сагызган)



Таштан ташка секирип,
Таш түбүндө бекинип.
Салкын тоону мекендеп,
Сайрайт экен К....к.

(кекилик)



Улуу тоодо жашаган,
Уккулуктуу сайраган.
Ушул кайсы канаттуу,
У тамгадан башталган.

(улар)



Канаттуунун зору экен,
Курч тырмагы жок экен.
Бала кезден башы таз.
Бул кайсы куш болду экен

(жору)



Жалбырактай таманы,
Майпаң, майпаң басканы.
Баткак суудан чыгышпайт,
Балыр экен тамагы.

(өрдөк)



Пайдалуу куш кишиге,
Булар жашайт үйүңдө.
Жемин берсең жакшылап,
Жумуртка тууйт күнүгө.

(тоок)



Окшош экен бүт баары,
Узун экен буттары.
Болсо дагы канаты,
Билбейт экен учканды.

(индюк)



Сууда сүзүп ойногон,
Суук тиет деп коркпогон.
Бала көрсө кубалап,
Балапанын коргогон.

(каз)



Тиктиргенди атайы,
Таштан экен чапаны.
Анда санда бир аттап,
Абдан кыбыр басканы.

(ташбака)



. Абдан зыян эгинге,
Алыс кетет секирсе.
Ат башындай башы бар,
Анын аты ч....е

(чегирке)



Куусаң болбой конушат,
Кызыл канды сорушат.
Тиштеп алган жерлери,
Тызылдатып оорутат.

(чиркей)



Таштандыдан чыкпаган,
Тамак ашты булгаган.
Коңулдарга жашынып,
Кышы бою уктаган.

(чымын)



Жумуртка тууп таштаган,
Балапанын бакпаган.
Өмүр бою жаңылбай,
Өзүн-өзү мактаган.

(күкүк)



Кийген таажы башына,
Келет учуп жазында.
Эмне деген канаттуу,
Эң эле кооз татына.

(үпүп)



Учкул экен эң элпек,
Учуп жүрүп жемин жейт.
Там бооруна ылайдан,
Уя салат желимдеп.

(чабалекей)



Бийик зоодо уясы,
Бийик экен учканы.
Билегинде күчү зор,
Бул куштардын кырааны.

(бүркүт)



Ак булуттай ап-апак,
Алар көлдө жашашат.
Көл үстүнө көрк кошуп,
Көлдө сүзсө жарашат.

(ак куу)



Тизилишип сап-сапка,
Учуп барат асманда.
Мойну узун канаттуу,
Мунун аты К......а.

(каркыра)



Тооктон бир аз чоңуурак,
Токойлордо жолугат.
Тегеренип бий-бийлеп,
Таңда баары чогулат.

(каракур)



Аябай кооз кийинген,
Алыс учпай жүгүргөн.
Конот бактын башына.
Коркот абдан түлкүдөн.

(кыргоол)



Ала-Тоонун шумкары,
Аткан октой учканы.
Кокус жара тебет деп,
Коркот тоонун куштары.

(ителги)



Кантип башы оорубайт,
Карагайды койгулайт.
Узун тумшук канаттуу,
Ушул экен т.......к.

(тоңкулдак)

УДК 821.51-93
ББК 83.8
К14
Казиев Асек
Табышмактар
Б.:2014
ISBN 978-9967-25-418-3

Бул китеп "Балакай" балдар фондусу тарабынан каржыланып чыгарылды.

Китептин автору: Асек Казиев
Редактору: Ашырбек Бакаев
Дизайнер: Нурбек Чекиров